# Адеп сабагынан тапшырмалар

## Атам, апам ардактуу

### Ата - эне баарынан кымбат

Сен үчүн ата-энеден кымбат эч ким жок. Ата-энеңди сүй, сыйла. Айтканын аткар. Ар дайым жардам бер. Ата-энең эң жакын жана ардактуу адамың.

### АТАМ, АПАМ АРДАКТУУ

Бир айылдын балдары,
Бир көчөгө чогулду.
Ким ардактуу ким үчүн?
Деген суроо коюлду.

Эч ким оюн айталбай,
Карай берди ар жакты.
А мен үчүн бир гана,
Атам-апам ардактуу.

**Акылыңа акыл кош:** *"Ата-эне бактысы – балада*
*Бала бактысы – ата-энеде."*

**Мугалимдин насааты:**

Сени ата-эне өстүрдү. Алардын эмгегин баала. Энеңдин ак сүтүн акта. Атаңды ардакта.

### АПАКЕМ

Күндүр-түндүр көтөрүп,
Мээрим төгүп өстүргөн.
Апам мени бапестеп,
Эрезеге жеткирген.

Өмүр бою карызмын,
Өмүр бою сүйөмүн.
Апакемдин ак сүтүн,
Актоо менин тилегим.

**Сөздүк:**

*Жүүнү бош - өтө эле жоош, тыкан эмес*
*Ардактуу - сыйлуу, барктуу*

## Мен ата-энемди ушинтип багам

Мен апама жардам берип, дасторкон салам. Пияла, кашык ташып, нан коём. Анан атам менен апамды чайга чакырып, төргө өткөрөм, нан сындырып чай сунам.

– Оо, кызыбыздын чайы таттуу, наны даамдуу тура! - дешет атам менен апам чайдан ырахаттана ууртап.

Мен ата-энемди ушинтип багам.

## ЖАКШЫ КӨРӨМ АТАМДЫ

Жакшы көрөм атамды,
Кичинекей чагыман.
Жумушуна кетсе эле,
Көргүм келип сагынам.

Иштен кайтып келгенде,
Чарчаганын билемин.
Батинкесин чечемин,
Ак калпагын илемин.

## АПАМДЫ ЖАКШЫ КӨРӨМ

Эртен менен эрте турдум. Апам жумушуна жөнөдү. Мен апамдын мойнунан кучактап:

– Апа, ишиңизге жакшы барыңыз, - дедим.

– Жакшы кал балам, - деди ал да чекемен жыттап. Апам жумушунан келгиче мен аны сагынып калдым. Ал келе жатканда алдынан тосуп чыктым. Колунан сумкасын алып, миниттим:

– Апа, кандай келдиниз? Иштен чарчаган жоксузбу? Көрсө апам да мени сагынып калыптыр.

– Өөх! Аябай чарчап келдим эле, баламды көргөндө эс ала түшпөдүмбү! - деди мээримин төгүп.

Апам мени ушинтип эркелетет. Мен апамды жакшы көрөм.